| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**НАРЫН ОБЛУСУ**<br>**НАРЫН РАЙОНУ**<br>**ЖАН-БУЛАК**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НАРЫНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛ КЕНЕШИ**<br>**ЖАН-БУЛАКСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Жан-Булак айыл аймагынын айылдык Кеңешинин XXIX чакырылышынын I кезектүү сессиясынын**

**№ 1/5 ТОКТОМУ**

**Жан-Булак айылы** **25-ноябрь 2024-жыл**

**Жан-Булак айыл аймагына караштуу Достук айылында жайгашкан айылдык клубдун тегерегин жакшыртуу жана айылды жарыктандыруу, тратуарларды салуу боюнча долбоорун жактыруу жана долбоорго акча каражатын кароо жөнүндө**

Жан-Булак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык муктаждыктарын чечүүдө Жан-Булак айыл аймагына караштуу Достук айылында жайгашкан айылдык клубдун тегерегин жакшыртуу жана айылды жарыктандыруу, тратуарларды салуу боюнча долбоорун жактыркк, акча каражатын кароо максатында жана айыл тургундарынын 2024-жылдын 3-октябрындагы элдик жыйындын №21 протоколунун, Жан-Булак айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын 25-ноябрындагы №187-б буйругунун негизинде Жан-Булак айылдык кенешинин XXIX чакырылышынын I кезектүү сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Нарын облустук Тенир-Тоо Өнүктүрүү фондунун эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жобосуна ылайык, жалпы наркы **8 266 680** (сегиз миллион эки жүз алтымыш алты мин алты жүз сексен) сомду түзгөн Жан-Булак айыл аймагына капраштуу Достук айылында жайгашкан айылдык клубдун тегерегин жакшыртуу жана айылды жарыктандыруу, тратуарларды салуу боюнча долбоору бир добуштан жактырылсын.

2. Жан-Булак айылдык кенешинин XXVIII чакырылышыныXII кезектүү сессиясы 2024-жылдын 26-январындагы №12/2 токтомунда долбоорлоого деп каралган 712 300 сом акча каражатынан, Достук айылында жайгашкан айылдык клубдун тегерегин жакшыртуу жана айылдыжарыктандыруу, тратуарларды салуу боюнча долбооруна 700 000 (жети жүз мин) сом акча каражаты артыкчылыктуу негизде бөлүнүп берилсин.

3. Бул токтомду көзөмөлдөө Жан-Булак айыл өкмөтүнүн башчысы У.Боскунчиевга милдеттендирилсин.

**Төрага** **С.Акматов**